**УДК 82**

***Гелекчи Сейфеттин -*** *окутуучу, Эл аралык Кыргыз-Түрк институту, ЭИУ*

## *Акын Шевки Динчал*
## *(Акындын өмүр баянына кыскача күз караш)*

Акын 1952-жылы Сивастагы Шаркышла районунда туулган. Үч жашында эле атасы дүйнөдөн кайткан. Атасынын өлүмү аны жашоодо сыноодон өтүүгө мажбур кылган. Балалык кезин Анкара жана Сиваста өспүрүм балдар үйүндө өткөргөн. Мындагы күнөөсүздүгүн көптөгөн жылдардан кийин жазган «Сурабаңыз» аттуу ырынын биринчи куплетинен байкасак болот.

Дартымы сурабаңыз түгөнгүс жомок
Туулгандан дүйнөгө жетим туулупмун
Ыйлабай туруп бакырыгымды
Эринден түшпөй туруп, тилде буулдум. (Динчал, 2005: 83).

Ал 1970-жылы милициялык колледжин, 1973-жылы болсо милициялык академияны бүтүргөн. Ырга жакындыгы мектеп жылдарында эле билинген. Ыр жазууну апасы жактан тай атасы Ашык Азиз Үстүндүн таасири менен баштаган. Ашык Азиз Үстүн Ашык Вейселдин жердеши жана ошол эле учурда замандашы да болгон. Ашык Вейсел акындык доорду бирге басып өтүшкөн жана көптөгөн төкмө акындар жыйынында чогуу болушкан. Шевки Динчалдин айтканына караганда таятасынын жетмиш сексенге жакын ыры акындын бир тууганы Али Динчал тарабынан коргоого алынган.

Акын жаштык жылдарында 150гө жакын ырларды жазган. Ырга толгон дептерин эстей албагандыгы себептүү жоготкон. Ушул себеп мененби же башка себеп мененби билинбейт, айтор 1985-жылга чейин колуна калем албаган. Ушул жылдан тартып кайрадан ыр жазууну баштайт, бирок анын себебин өзү да түшүндүрө албайт. Биз ушуга бир себеп издөө менен бирге акындын ийгиликтүү чечим кылганын баса белгилегибиз келет.

Акындын ырга көз карашы жана санатка болгон түшүнүгү

Ыкмасы элдик ырларды айтуу ыгынан анчалык алыс эмес акындын башында турган Ашык Вейселдин таасири болгондугу айтылып келүүдө. Айрыкча ушул сөздү акындын өзүнөн көп жолу уктук.
Дос-дос дедиң жетиштин сен досуңа,
Топурак күтүп турган эле жолунду Вейсел.
Канчалар ээ чыкты териңе,
Негизинен түшүнбөйт тилиңди Вейсел (Динчал, 1999: 177).
Вейсел бул ырында кайталанманы Ашык Вейселге болгон ак ниеттүүлүгүн тастыктап жатканда Вейселди түшүнбөгөндөрдү да шылдыңдайт. Ырлары ар түрдүү идеологиядан башкача. Жалгыз гана акын ушул сөздү айтуудан баш тартпайт.
Кайсы бир саясый жана адабий агымдын күзөөчүсү боло албадым. Мамлекеттин жана улуттун сүйгөн бир патриотумун. Уландысында адамдарга карата кек сактабайм кечиримдүүмүн деп айткан. Төмөнкү саптары ушуга далил боло алат.

Жаралуу караште ыйлаган көздө,
Ашыктыкты башынан өткөзгөндөрдүн дос кулумун мен.
Жер жүзүндө жагымдуулукка сүйүүгө,
Көнүл бургандардын дос кулумун мен (Динчал, 2005: 30).

Мен түркчөнүн туткумумун деген акын жалпысынан алып караганда ырларынын темасын ашыктык, табият жана ушуларга байланыштуу коозлоолор түзөт. Бир канча ырынын тышында шылдыңдоо жана ашкерелөө жазбаптыр.

Көнүл кирин сүйүү менен
Жуу десем түшүнбөйт наадан.
Татпастан ашыктык даамын,
Ушул десем түшүнбөйт наадан.

Жароокерлик кирип чыкпай сөзүнө,
Тааныш эмес жаш көзүнө.
Ооз толтура жүзүнө,
Түү десем, түшүнбөйт наадан (Динчал, 2004 : 12)

Бул түрдөгү бир нече ырларынын бир гана эскертүү милдетинде экендигин айта кетүү максатка ылайыктуу.

Акын муун түрү тандаганы менен биргеликте эркин түрдү да колдойт. Муундун бир нече түрлөрүн сынап көргөн. Акындын өзү менен болгон кээ бирки маектерибизде, традициялык ырларыбызда «уйкаштык» маселеси бар экенине жана традициялуу (салттык) ырларда уйкаштык маселеси бар. «Уйкаштык маселеси оозеки адабиятта дайыма окшош сөздөрдүн кайталанышынан келип чыгат. Мен бул маселени чатышкан уйкаштык (1-сап менен 3-сап, 2-сап менен 4-саптын уйкаштыгы), төрт саптуу ырлар (1-,2-,4-саптар уйкашат, 3-сап эркин болот) жана эки саптуу ыр жазып өркүндөтүүгө аракет жасайм», дейт. Кыскасы акын, бул маселеден кутулуу үчүн кээ бир түрлөрдү сынап көрүүгө аракет кылган.

Жолуна бассам изим тутанып жанат,
Жүрөгүм сени сүйлөйт, илебим сени эстейт.
Сени абдан сүйөм (Динчал 2005 : 88)

Бул түрдөгү ыры булардан бир өрнөгү. Ал эми төмөндөгү бент болсо, жаңы Түрк адабиятындагы «беш саптуулардан» көбүрөөк элдик ырларга окшойт.

Ар кандай оттун соңу албетте күл
Саргайган жалбырактын тагдыры жел.
Бүчүрдүн жетилгени-ачылган гүл
Булбул конгонбу, жыты жок гүлгө
Бул сүйүүнү эл оозуна түшүрбө. (Динчал 2004 : 91)

Аз окуп, аз жазгандар менен көп окуп көп жазгандар арасында дайыма бир чечилбеген суроо болуп келген. Бул себептүү да көптөгөн талаш-тартыштар болгон. Көрүнүп тургандай эле Тевфик Фикрет аз окуп аз жазган, Шевки Динчал болсо мунун тескерисинче көп окуп, көп жазган. Акын бул көп жазуу маселесин «Мен көп окуган адаммын. Күн боюнча окуйм, же жазамын. Көп жазганымдын себеби: оюмда дайыма бир ыр гимнастикасы бар» деп ачыктайт.

Шевки Динчал *ыр* жана *акын* жөнүндө ой жүгүрткөндө, кесиби себептүүбү, же болбосо генетикалык бир талантпы, ырларында, эсибизде келишилген жана биригишкен

сезиминин ойгонушуна себеп боло алат. Муну ырдан акынга карай «Ыр» атындагы чыгармасынан көрүнүп турат.

Ыр сезимдердин биринчи котормочусу.
Көңүлүндө болгондун тили болушу керек,
Сүйүүнүн бир бурулушунда табышкан убагы.
Сүйүүнүн кармашкан колу болушу керек,
Жана акын сөздөрдөн сарай курушу керек
Бактылуулукту издегендин жүрөгүнө
Үйүн сүйүү менен каптасын,
Ташташ керек сезимдерин дарыяга
Эч убакта жиркенбе жана кек сактаба (Динчал, 2002 : 128,129).

Акын "ыр жана акын" түшүнүктөрү үстүндө балким байкабастан бир мазмун түзүүгө жетишкен. Муну жасап жатып көз карашын чагылдырган жана аягында он биринчи китебин да бул толгонуулардын жана ой жүгүртүлөрдүн негизинде чыгарган.

Акындын "Түшүптүр" аттуу ыры

Нымдуу эрининде гүл изи бар,
Ойлопмун гүл үстүнө шүүдүрүм түштү.
Сүйүү менден алып кетти,
Ах, байкуш жүрөгүм кандай акыбалга түштү.

Миң бир гүл сыяктуу жыттанат чачтары,
Тийген жери күйдүрөт чачтары.
Шаркыратма сыяктуу агат чачтары,
Кудум бир булуттардан шаркыратма түштү.

Же айрылыкты билбейт, же кусалыкты билбейт,
Жүрөгүм өзүнү түштө деп ойлойт.
Бир тийсем бүчүр-бүчүр кызарат,
Денесине жаздан канчалаган гүлдөр түштү.

Балким бир тартип балким суктануу,
Маанилүү сезимдер жолуму кести.
Кудум бир караганда махабат сокту,
Ах көздөр жагымдуу кыялга түштү (Динчал, 2005: 17).

Түзүлүшү жана жазылышы жагынан ийгиликтүүлүгү маани жагынан да эң жетишкен ырлар арасында деп көрсөтө ала турган бул ырда, акындын күчтүү тарабын да көрсөтүүбүз зарыл. Ырдагы музыка, обон канчалык таасирдүү экендигин көрсөтүүдөн максат үлгү боло ала турган чыгармалардын арасында орун алгандыгы болуп эсептелет.

Акын жашоосун Измирде жогорку даражалуу бир бажы кызматкери болуп иштеп, кызмат көрсөткөн.